**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**АК-ТЕРЕК**

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XIV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 23-апрелиндеги №205 — Кара-Коо айылы

**Ысык-Көл облусунун, Тоң районунун, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Ала-Баш айылындагы орто оңдоо иштери каралгандыктан кум-шагыл аралашмасын төшөөгө карьер кылуу үчүн жер аянтын бөлүп берүүгө уруксаат берүү жөнүндө 2025-жылдын 10-мартындагы №48 сандуу токтомуна өзгөртүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар Министрлигине караштуу "Кыргызавтожол-Түндүк" мамлекеттик ишканасынын филиалы №33 жол тейлөө ишканасынын катынын негизинде Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 мыйзамынын 27-беренесин, Кыргыз Республикасынын "Бюджет Кодекси жөнүндө" мыйзамынын жана 2002-жылдын 15-мартындагы "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамынын 18-19-беренесин жетекчиликке алып, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин 2025-жылдын 10-мартындагы №48 сандуу токтомуна өзгөртүү киргизүү боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасы А.А.Мамбетовтун сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин 2025-жылдын 10-мартындагы №48 сандуу токтомуна өзгөртүү киргизилсин, 3 чакырым аралык чектөөсү алынсын.

2. Ысык-Көл облусунун, Тоң районунун, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Ала-Баш айылындагы орто оңдоо иштери каралгандыктан кум-шагыл аралашмасын төшөөгө карьер уюштуруу үчүн уруксаат берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э. Эмилбековго милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** — **А.А. Мамбетов**